*Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 2026, №2, бб. 84-90
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.2.10
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК

# Кыргыздардын салттуу үй эмеректеринин трансформацияланышы

**Жалалидин кызы Мендигүл**
*магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан, muslimjalalovna@gmail.com*

**Аннотация**

Бул макалада кыргыз элинин салттуу үй эмеректеринин тарыхый өнүгүүсү, алардын көчмөн турмуштагы орду жана заманбап коомдогу трансформациялык өзгөрүүлөрү талданат. Изилдөөдө боз үйдүн ички жасалгасында колдонулган салттуу эмеректердин түрлөрү, алардын функционалдык жана эстетикалык өзгөчөлүктөрү каралып, учурдагы интерьердик маданияттагы жаңы формалары менен салыштырылат. Ошондой эле глобалдашуу, урбанизация жана заманбап дизайн агымдарынын таасири астында кыргыз эмерек өнөрүнүн өзгөрүү процесстери илимий негизде мүнөздөлөт.

**Ачкыч сөздөр:** эмерек, салттуу маданият, боз үй, интерьер, трансформация, көчмөн цивилизация, улуттук дизайн

**Шилтеме үчүн:** Жалалидин кызы М. (2026). Кыргыздардын салттуу үй эмеректеринин трансформацияланышы. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, №2, бб. 84-90. doi: 10.65469/eijournal.2026.2.10

## Киришүү

Кыргыз элинин тарыхый-маданий мурасы көп кылымдык көчмөн цивилизациянын негизинде калыптанып, бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн баалуулугун жоготпой сакталууда. Элдин турмуш-тиричилиги, дүйнөтаанымы, эстетикалык табити жана социалдык мамилелери материалдык маданият аркылуу чагылдырылып келген. Материалдык маданияттын маанилүү бөлүктөрүнүн бири болуп салттуу үй эмеректери эсептелет. Үй эмеректери элдин күнүмдүк турмушунда практикалык кызматты гана аткарбастан, улуттук көркөм табиттин, кол өнөрчүлүктүн жана руханий баалуулуктардын көрүнүшү катары да чоң мааниге ээ болгон.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу** кыргыздардын салттуу үй эмеректеринин тарыхый өнүгүүсүн, алардын коомдук өзгөрүүлөрдүн таасиринде трансформацияланышын жана азыркы учурдагы колдонулуш өзгөчөлүктөрүн этнографиялык өңүттө комплекстүү карoo зарылдыгы менен аныкталат. Бүгүнкү күндө салттуу маданий баалуулуктардын айрым

© The Author(s) 2026.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

элементтери жоголуу коркунучунда тургандыктан, аларды илимий жактан каттоо, талдоо жана сактоо маселеси өзгөчө мааниге ээ.

Макалада изилдөө **объектиси** болуп кыргыздардын салттуу материалдык маданияты эсептелет. Ал эми изилдөөнүн предметин кыргыздардын салттуу үй эмеректеринин тарыхый өнүгүүсү жана алардын трансформацияланыш процесстери түзөт.

Бул макаланын **максаты** - кыргыздардын салттуу үй эмеректеринин өзгөрүү процессин тарыхый жана маданий аспектиде талдоо, ошондой эле алардын заманбап интерьердик мейкиндиктеги ордун аныктоо.

**Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизин** этнология, тарых, маданият таануу жана искусство таануу илимдеринин илимий принциптери түздү. Диссертацияда тарыхый-салыштырма, системалык, этнографиялык байкоо, интервью алуу жана анализдөө методдору колдонулду.

Изилдөө ишинде кыргыз этнографиясын изилдеген ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын эмгектери пайдаланылды. Ошондой эле архивдик материалдар, музейдик коллекциялар, талаа материалдары жана оозеки маалыматтар колдонулду.

## Жыйынтыктар

Кыргыздардын салттуу үй эмеректери көчмөн жашоо образына ылайыкташып жасалып, боз үйдүн ички түзүлүшү менен тыгыз байланышта өнүккөн. Сандык, жүк аяк, текче, ала бакан, керебет, жыгач идиштер жана башка тиричилик буюмдары өзүнүн түзүлүшү, колдонулушу жана көркөмдүк жасалгасы аркылуу кыргыз элинин этномаданий өзгөчөлүктөрүн чагылдырып келген. Алардын жасалышында табигый материалдар пайдаланылып, жыгач устачылык, оймо-чийме түшүрүү өнөрү кеңири өнүккөн.

XX кылымдан тартып кыргыз коомунда болгон социалдык, экономикалык жана маданий өзгөрүүлөр салттуу материалдык маданиятка, анын ичинде үй эмеректерине олуттуу таасирин тийгизген. Отурукташуу процессинин натыйжасында кыргыздар кошуна элдерден да таасир алып, бир четинен Фергана өрөөнүндөгү кошуна тажик жана өзбек жана экинчи тарабынан орус-крестяндары менен алака түзүп башташкан [, 126-б.]. Мунун натыйжасында үй-буюм тайымдары, кийим-кечелер, курал-жарактарды саны жанат сапаты бир топ байыган. Айрыкча советтик модернизация, шаардашуу жана индустриализация салттуу тиричилик формаларынын өзгөрүшүнө алып келген. Натыйжада көптөгөн салттуу үй эмеректери өзүнүн мурдагы функциясын жоготуп, алардын ордун фабрикалык өндүрүштөгү заманбап эмеректер ээлей баштаган. Ошол эле учурда улуттук маданиятка болгон кызыгуунун күчөшү менен айрым салттуу элементтер жаңыча формада кайра жанданып, заманбап интерьерде жана этнодизайнда колдонулууда.

## Талкуу

Азыркы глобалдашуу шартында улуттук маданий мурастарды сактоо жана өнүктүрүү маселеси өзгөчө актуалдуу болуп эсептелет. Кыргыздардын салттуу үй эмеректерин изилдөө аркылуу элдин тарыхый эс тутумун, көркөм эстетикалык дүйнөсүн жана маданий өзгөчөлүгүн

таанып-билүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ошондуктан салттуу материалдык маданияттагы трансформациялык процесстерди илимий негизде талдоо бүгүнкү күндүн маанилүү маселелеринин бири болуп саналат.

Кыргыз элинин материалдык маданияты көчмөн цивилизациянын өнүгүшү менен түздөн-түз байланышта калыптанган. Айрыкча боз үйдүн ички жасалгасы жана андагы колдонулган үй эмеректери кыргыздардын дүйнө таанымын, эстетикалык табитин жана жашоо образын чагылдырган маанилүү маданий феномен болуп саналат. Салттуу үй эмеректери көчүп-конууга ылайыкталган, жеңил, көп функциялуу жана көчмөн турмуштун талабына жооп берген өзгөчө түзүлүшкө ээ болгон.

Азыркы учурда коомдук-экономикалык өзгөрүүлөрдүн, шаардашуу процесстеринин жана глобалдык маданий таасирлердин натыйжасында кыргыздардын салттуу үй эмеректери олуттуу трансформацияга дуушар болууда. Мурдагы көчмөн турмуштагы практикалык мааниси акырындык менен декоративдик жана этномаданий символдук функцияларга өтүп жатат. Учурдагы боз үйлөр алда канча өзгөрүп, модернизацияланганы менен негизги эмеректери дагы деле колдонулуп келет. Мисалы бул жаатта Кыргызстандын аймактарында локалдык өзгөчөлүктөрдү байкоого болот. Түштүк тарапта токулган түктүү килемдер, түндүк аймактарда шырдак, кийиз буюмдары боз үйдө негизги орун болуп саналган төрдө турат [1, 129-б.]. Төр – бул бардык түрк элдеринде ыйык жана символикалык мааниге ээ болгон үйдүн бөлүгү болуп каралат [3, 165-б.].

Кыргыздардын салттуу үй эмеректеринин тарыхый мүнөздөмөсүнө токтоло кетели. Боз үйдүн эволюциясына токтоло турган болсок, алгөачкы формалары абдан жөнөкөй болуп, алачык түрүндө тургузулган жана эмеректери да азыраак болуп, жашоо-тиричилик буюмдары утилитардык мааниге гана ээ боло алган [2, 166-б.]. Андан тышкры кыргыз элинин салттуу эмеректери негизинен боз үйдүн ички түзүлүшүнө ылайыкташкан. Боз үйдүн тегерек формасы жана көчмөн турмуштун өзгөчөлүгү оор жана көлөмдүү эмеректерди колдонууга мүмкүнчүлүк берген эмес. Ошондуктан кыргыз эмеректери жеңил, көчүрүүгө ыңгайлуу жана көп функционалдуу болуп жасалган.

Негизги эмерек түрлөрүнө төмөнкүлөр кирген:

Жүк аяк - төшөк-жабдыктарды жыйноо үчүн колдонулган жыгач текче;
Сандык - баалуу буюмдарды сактоочу эмерек болуп, көчмөн жашоодогу эң эле зарыл болгон эмерек;
Кебеже - тамак-аш сактоочу жыгач идиш;
Такта керебет - уктоо үчүн колдонулган жыгач орун;
Килем жана туш кийиз - үйдү жылуулоочу буюмдар;
Аяк кап жана башка тиричилик буюмдары.

Буюмдар көбүнчө жыгачтан жасалып, оймо-чиймелер менен кооздолгон. Орнаменттерде жаратылыш элементтери, зооморфтук жана геометриялык белгилер кеңири пайдаланылган. Алар жөн гана кооздук эмес, символикалык мааниге да ээ болгон [ 6, 106-б.].

Кыргыз эмерек өнөрү устачылык салты менен тыгыз байланышта өнүккөн. Усталар жергиликтүү материалдарды колдонуп, ар бир буюмду кол эмгеги аркылуу даярдашкан. Эмеректердин бышыктыгы жана көркөмдүгү кыргыздардын эстетикалык дүйнөсүнүн көрсөткүчү катары бааланган. Салттуу эмеректердин функционалдык өзгөчөлүктөрү.

Көчмөн турмуш шартында эмеректин практикалуулугу биринчи орунда турган. Ошондуктан кыргыздардын үй эмеректери төмөнкүдөй өзгөчөлүктөргө ээ болгон:

1. Көп функционалдуулук - бир буюм бир нече кызмат аткарган;
2. Жеңилдик - көчүп-конууга ыңгайлуу болгон;
3. Ыкчам жыйналуучулук - боз үйдүн ичинде аз орун ээлеген;
4. Экологиялуулук - табигый материалдардан жасалган.

Мисалы, сандык бир эле учурда сактагыч, отургуч жана интерьердик элемент катары кызмат кылган [4, 403-б.]. Ал эми жүк аяк боз үйдүн эстетикалык борбору катары эсептелген.

Мындан тышкары, үй эмеректери социалдык статус көрсөтүүчү белги катары дагы маанилүү болгон. Бай үй-бүлөлөрдүн эмеректери көбүрөөк кооздолуп, күмүш, сөөк жана башка жасалгалар менен айырмаланган.

Заманбап шарттагы трансформация процесси XX кылымдын экинчи жарымынан тартып кыргыз коомунда отурукташуу күчөп, батир тибиндеги турак жайлар кеңири тарай баштаган. Бул өзгөрүү салттуу эмеректердин формасына жана функциясына түздөн-түз таасир эткен.

Азыркы учурда төмөнкү трансформациялык тенденциялар байкалат.

Формалык өзгөрүүлөр байкалып, салттуу эмеректер заманбап дизайн менен айкалыштырылып чыгарылууда. Мисалы, жүк аяк жана сандык интерьердик декор катары жаңыча формада жасалууда. Айрым учурларда алар минимализм стили менен интеграцияланып, шаардык батирлерде колдонулууда. Мисалы материалдык өзгөрүүлөр абдан жогорку денгээлде болгонуна баа берсек болот. Мурда толугу менен жыгачтан жасалган эмеректер азыр металл, пластик жана жасалма материалдар менен айкалышууда. Бул өндүрүштү жеңилдеткени менен, айрым учурда улуттук өзгөчөлүктүн жоголушуна алып келүүдө. Дагы бир белгилеп кете турган нерсе  бул функционалдык өзгөрүүлөр. Эгер мурда эмерек күнүмдүк турмуштук зарылдык болсо, азыр алардын көбү этнографиялык жана декоративдик мааниге ээ болуп калды. Көпчүлүк үйлөрдө салттуу сандык сувенир же интерьердик аксессуар катары гана сакталат.

Андан тышкары улуттук дизайн жана маданий мурастын сакталышы. Акыркы жылдары Кыргызстанда этнодизайнга болгон кызыгуу өсүүдө. Дизайнерлер салттуу кыргыз орнаменттерин жана эмерек формаларын заманбап интерьерге ылайыкташтырууга аракет кылышууда. Бул көрүнүш маданий мурастын сакталышына өбөлгө түзүүдө.

Ошондой эле туристтик индустриянын өнүгүшү улуттук стилдеги эмеректерге болгон суроо-талапты көбөйттү. Этно-кафелер, боз үй комплекстери жана маданий борборлор салттуу эмеректерди активдүү колдонуп жатышат.

Бирок глобалдашуу шартында массалык өндүрүш улуттук устачылык өнөрүнө коркунуч жаратууда. Кол менен жасалган эмеректердин ордун фабрикалык продукциялар ээлеп бара жатат. Ошондуктан салттуу эмерек өнөрүн сактоо үчүн мамлекеттик жана коомдук деңгээлде колдоо зарыл.

**Жыйынтык**

Кыргыздардын салттуу үй эмеректери - улуттук маданияттын маанилүү бөлүгү. Алар көчмөн цивилизациянын турмуштук тажрыйбасын, эстетикалык дүйнө таанымын жана практикалык акылмандыгын чагылдырат. Коомдун өнүгүшү менен бул эмеректер функционалдык жана формалык жактан өзгөрүүгө дуушар болду. Ошол эле учурда алардын этномаданий баалуулугу бүгүнкү күндө дагы жоголгон жок.

Заманбап дизайн менен салттуу элементтердин айкалышы кыргыз эмерек өнөрүнүн жаңы өнүгүү багыттарын түзүүдө. Бул процесс улуттук маданий мурастын сакталышына жана келечек муундарга жеткирилишине өбөлгө болот.

**Адабияттар**

1. Абрамзон С. М. Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары. — Бишкек: Кыргызстан, 1990.
2. Антипина К. И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства киргизов. — Фрунзе: Илим, 1962.
3. Жилище народов Средней Азии и Казахстана. Издательство “Наука”. - Москва 1982.
4. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк./ Түз. О.К. Каратаев, С.Н. Эралиев/ -Б.: Бийиктик, 2005. -600 б.
5. Сатыбалдиева Ч.Т. Традиционное вышивание кыргызов во второй половине XX-начале XX вв. (на примере юга Кыргызстана). – Ош, -2009.
6. Токтосунов С. Кыргыздын салттуу көркөм маданияты. — Бишкек: Турар, 2017.

*Открытый журнал евразийских исследований*, 2026, №2, сс. 84-90
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.2.10
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК

# Трансформация традиционной кыргызской домашней утвари

**Жалалидин Кызы Мендигуль**
*магистрант, Ошский государственный университет, Кыргызстан, muslimjalalovna@gmail.com*

**Аннотация**

В данной статье анализируется историческое развитие традиционной домашней утвари кыргызского народа, её место в кочевой жизни и трансформационные изменения в современном обществе. В исследовании рассматриваются виды традиционной утвари, используемые в дизайне интерьера юрты, их функциональные и эстетические особенности, а также проводится сравнение с новыми формами современной интерьерной культуры. Кроме того, на научной основе характеризуются процессы изменений в кыргызской мебельной промышленности под влиянием глобализации, урбанизации и современных тенденций дизайна.

**Ключевые слова:** утварь, традиционная культура, юрта, интерьер, трансформация, кочевая цивилизация, национальный дизайн

*Open Journal of Eurasian Issues*, 2026, no. 2, pp. 84-90
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.2.10
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК

# Transformation of Traditional Kyrgyz Home Furniture

**Mendigul Jalalidin kyzy**
*Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan, muslimjalalovna@gmail.com*

**Abstract**

This article analyzes the historical development of traditional home furniture of the Kyrgyz people, their place in nomadic life and transformational changes in modern society. The study examines the types of traditional furniture used in the interior design of the yurt, their functional and aesthetic features, and compares them with new forms in modern interior culture. Also, the processes of change in the Kyrgyz furniture industry under the influence of globalization, urbanization and modern design trends are characterized on a scientific basis.

**Keywords:** Kyrgyz furniture, traditional culture, yurt, interior, transformation, nomadic civilization, national design